*УДК:303.446.4(093)*

**Назарбаева Б.С., магистр, ЖАМУ, Кочкор-Ата колледжи**

# Аксы окуясынын тарыхын изилдөөдөгү мезгилдүү басма сөз каражаттарындагы материалдарга булактаануучулук багытта изилдөө жүргүзүүнүн методологиялык маселелери

*Мезгилдүү басма сөз каражаттарынын Аксы окуясын чагылдыруудагы кыргыз прессасынын орду жана ролу. Андагы жарыяланган материалдарды тарыхый анализдөөнүн булактаануучулук багытта өзгөчө ыкмалары жана механизмдери.*

***Ачкыч сөздөр:****теориялык методологиялык маселелер, комплекстүү же түрдүү булактар, маалыматтык талаа.*

*Место и роль кыргызских средств массовой информации в освещении аксыйских событий. Основные методы и механизмы анализа исторических материалов.*

***Ключевые слова****: теоретико-методологические вопросы, комплексные и разные типы источников, информационного поля.*

Аксы окуясынын тарыхын изилдөөдө анын теориялык-методологиялык маселесин чечип алуу зарыл. Аксы окуясы эгемендүү Кыргызстандын тарыхындагы бийликтин кандуу саясатына байланыштуу окуя болгондуктан, анын келип чыгышы жана себептерин ачып көрсөтүүдө жалпы изилдөөнүн жол-жоболорунун тарыхый илимий изилдөөнүн негизинде иштеп чыгуу керек. Аксы окуясын тарыхый жактан изилдөөдө анда окуянын келип чыгуу себептери, өбөлгөлөрү жана жүрүшү анын жыйынтыктары каралат.

Бизге белгилүү болгондой аталган окуяга объективдүү баа берүүдө изилдөөнүн методологиялык проблемасы жана изилдөөдөгү жетектөөчү методологиялык жол-жоболор алдыңкы орунда турат. Ал эми окуянын өзү жана келип чыгышы тууралуу бүгүнкү күнгө чейин бирдиктүү көз караш жок жана талаш-тартыш маселелерди жаратып келүүдө. Окумуштуулар рынок экономикасынын шартында социалдык-саясий багыттагы бир топ изилдөөлөрдү жүргүзүп келишет, бирок, бул изилдөөлөр адатта, бийлик, коом жана жеке инсандын пикири менен дал келбей калууда.

Ошондуктан соңку жаңы тарыхтагы бул окуя мезгилдүү басма сөз булактарында кеңири берилип келет. Кыргызстандагы саясий туруктуулук өзгөрүп турган мезгилде чыккан басылмаларды изилдөө бир жагынан кызыктуу, бир жагынан татаал жумуш. Анткени, изилдөөчү-тарыхчы өзүнүн мезгилиндеги идеологиянын шары менен түз айтылган сындардын ички жана тышкы маалыматтарына туруштук бере албай калат. XXI кылымдын башында коом өзү трансформацияланган сыяктуу эле массалык маалымат каражаттары дагы ошого дуушар болгандуктан ар тараптуу жана объективдүү маалыматты жакындан тааныш үчүн мезгилдүү басма сөз каражаттары менен саясий агымдын идеологиясын салыштыруу керек. Мындай салыштырууда мезгилдүү басма сөз каражаттары тарыхчынын ишмердүүлүгүнө кенен жол ачып берет.Соңку мезгилдеги Кыргызстандын тарыхын булактаануучулук багытта мезгилдүү басма сөз каражаттарындагы материалдарды туура жана так анализдөө актуалдуу. Бирок, бүгүнкү күндө мезгилдүү басылмаларды баалуу тарыхый булак катары кароо талаш-тартышты жаратып, мындай булактардын топтомуна анализ жүргүзүү тарыхчы үчүн кыйынчылыктарды туудурууда. Мындай жагдайды бир нече факторлор менен түшүндүрүүгө болот.

Биринчиден, мезгилдүү басылмалардагы материалдарды бир түрдө кароого, комплекстүү булак же ар түрдүү багыттагы булак катары жайгаштырууда атайын бир жыйынтыкка келе элек. Мезгилдүү басылмалардын беттериндеги түрдүү жанрдагы текстердин жайгашуусунан улам изилдөөчү бир түрдүү комплекстүү булак катарында кароо маселесинен баш тартса [1]. В.М. Рынков газета-журналдагы ар бир жарыяланган

баалуу макаланы алып кароону сунуштайт. Л.Н. Пушкарев, берилген ар түрдүү материалдардын баары бир түрдүү булак болуу менен, бирдей комплекске ээ маалыматтарды камтыганын көрсөтөт [2].

Экинчи маселе, мезгилдүү басылмалардагы берилген текстердин аныктыгын кароо тарыхчы үчүн алдыга коюлуучу маселе. Гезиттердеги жазылган материалдарга анализ жүргүзүү бул бир канча процедуралардан турат. Бул маселе боюнча постсоветтик доордогу Кыргызстан тарыхы басма сөз материалдарынын негизинде изилдөө өз алдынча илимий изилдөөнүн проблемасы болуп алынган эмес жана мында газеттик материалдар жалпы мүнөздөгү илимий макалаларда гана берилген [3]. Гезиттик материалдарга берилген окуянын өзүнө эмес белгилүү бир социалдык топтордун кызыкчылыгын алардын өз ара тирешүүсүнө, салгылашуусуна орун берилип, окуянын нак өзүндө андагы карапайым адамдардын ролу жергиликтүү элдин абалы толук ачылбай калган. Эгемендик доордогу басма сөз каражаттары  бир гана маанилик - мазмундук жактан эмес саны жана позициясы боюнча  дагы өзгөчөлүктөргө ээ. Анткени, басма сөз каражаттары  сан жагынан динамикалык негизде өсүп турду. Алардын мазмундук жагын алганда дагы мамлекеттик же оппозиция гана эмес, гезит ээлеринин жана жеке бир канча адамдардын саясатчылардын кызыкчылыктарын, мүдөөлөрүн көздөгөн  материалдар чыга баштаганы менен мүнөздүү. Гезиттер саны жана түрү боюнча чектелбегендиктен коомдун аң-сезимине таасирин тийгизип жана маалыматтык талаада гезиттик материалдар негизги орунга чыкты. Маалыматтык талаада  прессанын ролу 2010-жылдарга чейин өзүнүн ордун башка маалымат каражаттарынын арасында доминанттык кылып келди. Ал эми 2010-жылдан кийин негизги маалыматтык талаада маалымат каражаттарынын ичинен интернет булактары маалыматтык сайттар алдыңкы орунга чыкты.

Гезиттик материалдардын жана эгемендик жылдарындагы прессанын дагы өзгөчөлүгү бул анда ар бир гезиттин белгилүү бир саясий конъюктурага жараша гана бир беткей маалыматтарды тараткандыгы менен ошондой эле кабарды жазуудагы жана таратууда профессионализмдин төмөндүгү менен айырмаланат.Өзгөчө болуп жаткан “ысык фактыларды” берүүдө бири-бирине чаташкан, окуялардын жүрүшүн жана каармандарды алмаштырып берүү убактысынын ирети менен берилбегендиги менен айырмаланат. Бирок, кыргыз прессасы Аксы окуясын чагылдыруудагы ар тараптуу маалыматтардын берилиш жыштыгы менен айырмаланат. Көп кырдуу маалыматтардын берилиши окуянын өзүнө саясий топтордун өз кызыкчылыгынын күрөшү күчтүү жана татаал экендигин көрсөтөт жана алардан ошол кездеги кыргыз элитасынын жалпы абалын дагы билүүгө болот. Газета журналдар кайсы бир мезгил үчүн идеологияга каршы курал катары пайдаланылат. Андай маалыматтар дискуссияга анчалык ээ эмес, оппонентердин бири-бирине каршы пикирлери, ошондой эле жалган маалыматтар да кезигет. Ошондуктан басылмадагы материалдардан так көрсөтүлгөн маалыматты гана тандап алып кароого болот.

Аксы окуясынын тарыхын изилдөөдө массалык маалымат каражаттарындагы жарыяланган макалаларды “өкмөттүк жана оппозициялык” – деп бөлүп карабаганда: республикадагы бардык чыккан газеталардагы макалалар реалдуулугу менен айырмаланбастан, ар түрдүү көз караштаргы же алардын арасында эки жактан тең позициясын бирдей чагылдырган авторлордун макалалары да бар. Ошого карабастан мезгилдүү басма сөз каражаттары коомдук жана саясий түзүлүштү чагылдыруу менен маалыматты саясий күчтөр өздөрүнүн куралы катары пайдаланышып, пресса- бул ар кандай топтордун кызыкчылыгын коргогон курал болуп калды. Ошондуктан мезгилдүү басма сөз каражаттарындагы жарыяланган материалдарды тарыхый анализдөөнүн өзгөчө ыкмаларын жана механизмдерин кароо зарыл маселелерден. Мезгилдүү басма сөз каражаттарынан Аксы окуясын чагылдырган гезиттерди так мамлекеттик же коомдук, бийликчил же оппозициячыл маанайда деп бөлүп коюуга болбойт.

Мына ушундай жагдайдан улам Аксы окуясын изилдөөдөгү массалык маалымат каражаттарындагы жарыяланган макалалар булактаанучулук багытта анализ жүргүзүүнүн

өзгөчө ыкмасын талап кылууда. Коомдук-саясий багыттагы басылмалар окуяларды түз мааниде чагылдыруусу менен айырмаланат. Эске салсак, мисалы “Агым”, “Республика” газеталары алардын негиздөөчүлөрүнүн формалдуу көз караштарынан чыга алган эмес. Агым жана Республика гезиттери формалдуу түрдө  ар кандай саясий топтордун кызыкчылыктарын беришкен эмес.  Ал эми мамлекеттик “КыргызТуусу”, “Слово Кыргызстана”, “Эркин Тоо” гезиттери республиканын бийлик органдарыныкы болгондуктан,  андагы жарыяланган материалдар бир тараптуу же бир жактуу болгон. Эгерде Аксы окуясынын мисалында гезиттердеги окуяны чагылдыруу маселесин алсак, анда окуя жүрүп жаткан мезгилде жарык көргөн макалалар өзүнүн курчтугу жана окуянын өз учурунда баяндап берүүсү менен айырмаланат. Ал эми убакыттын өтүшү менен окуянын чагылдырылышы төмөндөгөн,  же болбосо дээрлик жокко эсе жана башка макалалар да фрагментардык гана мүнөзгө ээ.

XXI кылымда гезиттерди сатып өткөрүү жана рынокто реализациялоо иши негизги маселеге айланды. Андан сырткары мурдагыдай системалуу түрдө жазылуу жок болгондуктан, өздөрү курал катары макаланын заказчиктери тарабынан сатып алынып, бекер таратуунун негизинде маалыматтын таралуу ареалы кеңейген, бирок ал саясий заказ болгондуктан, ага карата атайын суроо талаптын же маалыматтын чындыгына карата окурмандардын баалоо деңгээли жоголгон. Гезиттердин мындайча өзүн-өзү каржылоосу саясатташкан мазмундагы макала, кабарлар билдирүүлөрдүн көбөйүшүнө түздөн-түз шарт түзгөн. Бул бийликтен сырткары турган коомду өтө күчтүү саясатташтырууга алып келди. Мамлекеттик бийлик органдарынын жүргүзгөн саясаты анын ичинде ири талаш-тартышты жараткан Үзөңгү-Кууш маселесине байланыштуу материалдар абдан көп жана үзгүлтүксүз түрдө берилип турган. Бул мезгилде борбордук бийлик органдарынын жана борбордогу чыгуучу мезгилдүү басма сөз каражаттарынын мазмуну дагы, материалдары дагы бир беткей болбогондугу менен айырмаланат. Анткени, жергиликтүү басма сөз каражаттары ошол кездеги болуп жаткан окуяны бийликтин цензурасынан алыс чыгара алган эмес. Буга себеп катары  анын ошол аймактагы ролун жана окурмандардын ага болгон суроо-талабын көрсөтүүгө болот.

Тарыхый булактардын өзгөчө жана негизги комплекси болгон жалпыга маалымдоо каражаттарын, анын ичинде гезиттердин илимий айлампага киргизилиши, талдоого алынышы жокко эсе. Ошондуктан, гезиттерге тарыхый булак катары ата мекендик тарыхнаамада атайын же жеткиликтүү түрдө баа берилбей келет. Тарых илиминде мындай тенденциянын болуп жатышы толугу менен түшүнүктүү. Бир жагынан официалдуу маалымат булактары калктын гана эмес илимий коомчулук тарабынан алардын назарына алынган эмес, салттык түшүнүк менен алардын көз карашы бүдөмүк түшүнүктү берет. Экинчи жагынан аксы окуясы боюнча гезиттеги маалыматтар ар түрдүү оппозициялык көз караштар менен берилгендиктен, аларды мазмунуна карата белгилүү бир системага салуу мүмкүн эмес. Ошого карабай, бийлик жана оппозициялык гезиттерден белгилүү бир деңгээлде олуттуу айырмачылыкты байкоого болот.

Идеологиялык жактан алганда “Кыргыз туусу”, “Слово Кыргызстан”, “Агым” ж.б. гезиттеринин ортосунда тирешүү бар. Ал эми гезиттеги жарыяланган материалдарды чагылдыруудагы сөз эркиндиги, ынанымдуулугу, андагы фактылардын тактыгы тууралуу маселе дагы деле талаш бойдон калууда.

Аксы окуясында “ким биринчи ок чыгарган”, “ким күнөөлүү” деген сыяктуу материалдар гезиттердин ар биринде  жазылып, үчүнчү тараптын пикири (чет өлкөлүк басма сөз каражаттары) түздөн-түз конфликтке аралашкан эмес.

Жыйынтыктап айтканда Аксы окуясын чагылдырган массалык маалымат каражаттарынын материалдарын илимий айлампага киргизүүдө салттык спецификалык формалар менен бирге эле диохрондук жана синхрондук анализди айкалыштыруу менен тарыхый илимий методдорду гана колдонбостон лингвистиканын дагы ыкмаларын колдонуу зарыл.

1. Республикалык жана чет өлкөлүк конкреттүү материалдарды изилдөөдө республикадагы кыргыз тилдүү гезиттерге компаративдик изилдөөнү жүргүзүү керек. Анда ички жана сырткы маалыматтар билдирүү иретинде берилип турган. Мезгилдүү басма сөз каражаттарындагы материалдарга анализ жүргүзүүдө жарыяланган макаланы болжолдуу түрдө мазмунуна, автордун чагылдырган материалынын мазмуна карата бөлүп алып талдоо жалпы маалыматтык талаада Аксы окуясы тууралуу берилген маалыматтар, сюжеттер окуянын алгачкы күндөрүнөн тартып бир жыл аралыгына чейинки материалдарды бөлүп алып изилдөөгө болот.
2. Диохроникалык анализ жүргүзүүдө ар бир басылмадагы(газета, журнал ж.б) материалдар коомдук-саясий, финансылык-экономикалык жана идеологиялык жактан бирдей эволюцияга ээ.
3. Тарыхый-салыштырмалуулук ыкманы колдонууга болот. Ар түрдүү басылмалардагы материалдарды синхроникалык салыштыруу менен карама-каршы жана бир жактуу семантикалык талдоо жүргүзүп берилген текстерди жана сюжеттерди диохроникалык контексте-катышуучулардын окуяны эскерүүлөрүн “интервью” ж.б.талдап кароого болот.

Ошондуктан материлдарды бир нече баскычта талдоого болот:

- Маалымат талаасындагы бардык фактылар жана сюжеттер: Интернет булактарындагы, гезит-журналдардагы берилген материалдар окуянын алгачкы мезгилинен, январь айынан баштап бериле баштаган.
- Оппозициялык маанайдагы гезиттердеги фактылар жана сюжеттер: Бийликти сындоо, ок атууга буйрук бергендер бийлик тараптан болгондугун, мамлекеттик гезиттердеги жарыяланган макалаларга жооп иретиндеги материалдардын (кайым айтышуу) берилиши.
- Мамлекеттик басылмалардагы фактылар жана сюжеттер: Бийликтин жасаган иштерин туура деп көрсөтүү менен окуяга алыстан карап, чагымчылдыкка алдырбай, ынтымакка келүүгө үндөгөн материалдар.
- Жергиликтүү, райондук жана областык басылмалардагы фактылар жана сюжеттер: Бул багыттагы гезиттер мамлекеттин же бийликтин кызыкчылыгын чагылдырган материалдарды берип турган.

**Адабияттар**


1. Рынков В.М. Периодическая печать: проблема дифференциации документальных и повествовательных источников / Ин-т истории СО РАН. URL:http://history.nsc.ru/snm/rynkov2.htm.
2. Пушкарев Л.Н. Классификация русских письменных источников по отечественной истории. – М.: Наука, 1975. – С. 226-227.
3. Профессионализм историка и идеологическая конъюнктура: проблемы источниковедения советской истории. – М.: РАН, Ин-т российской истории, 1994.– С. 84-104.



**OSHGU NAZARBAEVA B.S.,JASU, Kochkor-Ata colledg, magistr in history**
**Sanirabiyga_shaiyrbekovna@mail.ru**


## Methodological problems of researching materials in researching the history of Aksy events


*Methological proplems in the study of periodicals on the history of the Aksy event. Place and role of Kyrgyz media in covering the Aksy events. Basic methods and mechanisms of analysis of historical materials*



***Key words:*** *theoretical and methodological issues, complex and different tapes of sources, the information field.*